**УДК 342.4(575.2)**

# КОНСТИТУЦИЯЛЫК ӨНҮГҮҮНҮН ДҮЙНӨЛҮК ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫНЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАШ МЫЙЗАМЫНДА ЭКСТРАПОЛЯЦИЯЛАНУУСУ

**АТАБЕКОВА Н.К.**
КМЮАнын конституциялык
жана муниципалдык укук
кафедрасынын доценти
ualibrary@mail.ru

***Аннотация:*** *В работе представлен анализ норм действующей Конституции Кыргызской Республики на предмет отражения мировых тенденций конституционного развития в отечественном конституционном законодательстве.*

***Annotation:*** *This thesis work analyzes whether norms of the existing Constitution of the Kyrgyz Republic reflect the word tendencies of constitutional development in the domestic constitutional legislation.*

Белгилүү болгондой, «конституция» термини латын тилинен которгондо constitutio - орнотуу, түзүлүш дегенди билдирет. Бул термин Рим империясы өнүгүп турган мезгилде эле колдонулуп келген, анда бул сөз менен императордун жарлыктары аталган.

Бирок учурдагы мамлекеттин эң жогорку юридикалык күчкө ээ болгон баш мыйзамы катары ал биринчи жолу 1787-жылы Америка Кошмо Штаттарында кабыл алынып, конституциянын бул классикалык үлгүсү XXI кылымда да маани-маңызын жоготпой келе жатат.

Укук таанууда конституция – "баарыдан мурда адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин жарыялаган жана кепилдеген, материалдык мааниде жазылган актылардын же конституциялык актылардын жыйындысы, ага тете эле коомдук түзүлүштүн негиздерин, аймактык түзүлүшүн жана башкаруу таризин, бийликтин жергиликтүү жана борбордук органдарын уюштуруунун негизин, алардын компетенциясын жана өзара мамилелерин, мамлекттик символикасын жана борборун аныктайт; формалдуу мааниде жогорку юридикалык күчкө ээ мыйзам же мыйзамдардын тобу" [1, 287-б.] катары мүнөздөлөт. Ошону менен бирге окумуштуулар анын башка ченем укук актыларынан бир катар өзгөчөлүктөрү менен обочолонуп тураарын белгилешет: "Биринчиден, ал эң жогору юридикалык күчкө ээ, ал «мыйзамдардын мыйзамы». Ага карама-каршы келген ченем актылары жокко чыгарылат;

экинчиден, ал эгемендүүлүктүн алып жүрүүчүсү болгон эл тарабынан кабыл алынгандыгына байланыштуу уюштуруучу мүнөзгө ээ;

үчүнчүдөн, конституцияны кабып алуу адатта өзгөчө жол-жоболоштурулган;

төртүнчүдөн, так ушул конституцияда укук чыгаруу субъектилери жана укук чыгаруу таризи бекитилген;

бешинчиден, конституциянын ченемдери баары: жөнөкөй жарандар үчүн да, мамлекеттик органдар үчүн да, коомдук бирикмелер үчүн да, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн да, кызмат адамдары үчүн да – милдеттүү болот;

эң акыркысы, конституциянын ченемдерин ишке ашыруу жана коргоонун өзгөчө механизми болот" [2, 26-б.].

Конституциянын дагы бир өзгөчөлүгү – анын жарамдуулугу (легитимность) жана туруктуулугу болуп эсептелет. Конституциянын жарамдуулугу анын мыйзам чегинде кабыл алынып, анын укуктуулугун таануу боюнча коомчулуктун көпчүлүгүнүн, анын ичинде дүйнөлүк коомчулуктун да оң мамилесине ээ экендигин түшүндүрөт. Ал өлкөдөгү укук тутумунун, саясаттын, мамлекеттик бийликтин негизи болуп эсептелет жана анын

ченемдери баары үчүн милдетүү болот. Ошондуктан төңкөрүштүн, ыңкылаптын натыйжасында кабыл алынган баш мыйзамдар мындай мүнөзгө ээ болбой калат.

Туруктуулук конституциянын башка мыйзам актыларына карата социалдык-экономикалык же саясий факторлордун негизинде өзгөрүүгө көп дуушар болбой, туруктуу, фундаменталдык мүнөзгө ээ болгон жоболорду бекитүүсүн түшүндүрөт. Албетте, окумуштуулар белгилегендей , "конституция – катып калган материя эмес", анткени эртеби-кечпи анын ченемдери объективдүү өзгөрүлгөн шарттарга ылайык, конституциялык теориянын өнүгүүсүнө байланыштуу анын айрым мүчүлүштүктөрүнүн байкалуусунан улам жаңылануугa же өзгөртүлүүгө муктаж болот. Бирок ошону менен бирге Г. С. Сапаргалиев белгилегендей, "конституциянын туруктуулугун камсыздоо үчүн, ага болгон сый-урматты сактоо үчүн конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы пайда болгондо, ал өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду өзгөчө, өз алдынча ченем укук актысы катары кабыл алып, конституцияга тиркеп коюуга болот" [3, 34-35-б.].

Мындан улам конституцияны эң жогорку юридикалык күчкө ээ болгон, коомдук жана мамлекеттик түзүлүштү жана мамлекеттик башкы бийлик органдарынын тутумун бекиткен, адам менен коомдун, мамлекеттин байланышын аныктаган, өзгөчө жол-жобо менен кабыл алынган ченем укук актысы катары таануга болот.

Конституциянын формалдык жана материалдык мааниси болоору жогоруда айтылды. Мындан сырткары конституция «юридикалык» жана «иш жүзүндөгү», о.э. «фиктивдүү» да мааниге ээ болоору белгилүү. Юридикалык конституция деп, жогоруда көрсөтүлгөн коомдук мамилелердин чөйрөсүн жөнгө салуучу, б.а. тиешелүү саясий-укуктук жөнгө салуу объектисине ээ, жогорку юридикалык күчкө ээ болгон укуктук ченемдердин белгилүү тутумун түзгөн ченем укук актысын аташат.

Ал эми иш жүзүндөгү конституция катары коомдук жана мамлекеттик түзүлүштү, адам менен мамлекеттин ортосундагы мамилелердин (мамлекетте саясий-укуктук документ катары конституция болгон же болбогон учурдагы) чыныгы реалдуу абалын түшүнүшөт.

Турмушта юридикалык конституция менен иш жүзүндөгү конституция дайыма эле дал келе бербейт, анткени мамлекеттеги жашоо-турмуш дайыма өзгөрүп турат. Ал саясий, геосаясий, экомикалык, социалдык, идеологиялык ж.б. факторлорго байланыштуу болот. Ушул эки түшүнүктүн айкашы мамлекеттеги чыныгы абал менен баш мыйзамдын дал келүү же дел келбөөсү канчалык деңгээлде экенин билдирет. Эгер конституциянын ченемдери чыныгы абалды объективдүү чагылдырбаса, конституциянын ченемдери фиктивдүү экен деп билебиз. Дүйнө жүзүндөгү көпчүлүк конституцияларда, айрыкча постсоветтик мейкиндиктеги мамлекеттердин юридикалык конституциясынын айрым ченемдери ушундай мүнөзгө ээ болуп келүүдө.

Конституциянын саясий-социалдык маани-маңызы соңку кылымда да сакталууда. Учурда конституция эки өңүттөн мүнөздөлүп келет. А. Т. Ащеулов жана А.А. Караев эмгегинде салттык түрдөгү эки көз карашты келтиришкен: биринчи, класстык өңүттөн алып караганда, конституция - бул мамлекеттин экономикалык жактан басымдуулук кылган классынын эркин чагылдырган баш мыйзамы болуп эсептелет; ал эми, экинчи, коомдук өңүттөн алып караганда, конституция коомдогу айкын социалдык-саясий күчтөрдүн айкашын чагылдырат жана бекитет. Анда мамлекеттеги ар кандай социалдык катмарлардын жана топтомдордун саясий кызыкчылыктарынын балансы берилип, коомдун негизги топторунун (улуттар, саясий партиялар, коомдук бирикмелер) ортосундагы компромисс чагылдырылат [4]. Учурда дүйнө мамлекеттеринде конституцияга карата экинчи көз караш басымдуулук кылууда, мындан улам мамлекеттерде ушундай консенсустук мааниге ээ болгон конституциялардын болуусуна шарттар түзүлүүдө.

Чындыгында, конституцияны коомдун ар катмарынын өкүлдөрүнүн саясий кызыкчылыктары макулдашылган коомдук келишими катары баалаcа болот. Ал эми идеалда конституция коомдук келишимдин жыйынтыгы катары адамдын эркиндиктери

үчүн мамлекеттик бийликти чектөөнүн юридикалык механизмдеринин жыйындысы болуп эсептелет [2].

Россияда – «основной закон государства», Казакстанда – «ата заң», Кыргызстанда «баш мыйзам» деп аталып, конституция өлкөдө маанилүү функцияларды аткарат: уюштуруучу, юридикалык, саясий, идеологиялык функциялар.

Учурда конституциялардын түрдүү көрсөткүчтөрүнө ылайык түрдүү классификациялары белгилүү. Таризи боюнча, б.а. конституциялык ченемдердин уюштурулуу жолуна карата кодификацияланган жана кодификацияланбаган жана аралаш типтеги конституциялар белгилүү. Дүйнө жүзүндө көбүнчө кодификацияланган конституциялар кабыл алынат. Анда конституциялык мүнөздөгү бардык маанилүү маселелерди жөнгө салуучу ченемдер бирдиктүү жазылган актыда чагылдырылат. Кодификацияланбаган баш мыйзамдар Улуу Британияга, Жаңы Зеландияга мүнөздүү.

Конституциялар өзгөртүү ыкмаларына карата ийкемдүү жана ийкемсиз болуп бөлүнөт. Ал эми колдонулуу мөөнөтү боюнча конституция убактылуу жана туруктуу болуп бөлүнөт. Көбүнчө эле конституция туруктуу акт катары кабыл алынат.

Кабыл алуу жолуна карата конституциялар: октроирленген, б.а. монарх тарабынан элге же метрополия тарабынан колонияга тартууланган, келишимдик жана элдик болуп бөлүнөт. Элдик конституциялар дүйнө жүзүндө эң эле кеңири таралган болуп эсептелинип, алар өз учурудна референдум, парламент жана чогулуш тарабынан кабыл алынган болуп бөлүнөт.

Эл мамлекеттик бийликтин бирден бир алып жүрүүчүсү болгон соң, конституцияны кабыл алуунун элдик жолу аны кабыл алынуусунун эң демократиялуусу деген тыянакка келүүгө болот. Дүйнө жүзүндөгү көпчүлүк конституциялар так ушул жол менен референдумда кабыл алынган. Анын ичинде соңку жылдарда кабыл алынган постсоветтик мейкиндиктеги мамлекеттердин дээрик баарында баш мыйзамдын кабыл алынуусунда референдум мааниге ээ болгон.

Бирок ошол эле учурда парламент аркылуу кабыл алынган конституциялар деле өлкөдөгү демократиялуулуктун деңгээлинин төмөндүгүнөн кабар бербейт. Кытай Эл Республикасынын (1982), Украинанын (1996), Польшанын (1997), Грузиянын (1995) ж.б. бир катар мамлекеттердин конституциялары тикелей элдик эрктин эмес, өкүлчүлүккүү демократиянын жыйынтыгы катары ийгиликтүү иштеп келүүдө. Аны менен катар элдик өкүлчүлүктүн дагы бир формасы - уюштуруу чогулуштары тарабынан кабыл алынган баш мыйзамдар да, маселен, Турциянын (1982), Болгария жана Румыниянын (1991), Италиянын (1947) конституциялары толук кандуу иштегени белгилүү.

Негизги маани баш мыйзамдын кандай жол менен кабыл алынганында эмес, демократиянын элементтери кайсы учурда эффективдүү болуусунда деп ойлойбуз. Бул өңүттөн алып караганда дүйнө мамлекеттеринин баш мыйзамдарында мамлекетке конституциялык мүнөздөмө берүүдө, албетте, мамлекетти укуктук демократиялык деп жарыялоо тенденция катары учурда сакталууда. Дүйнө жүзүндөгү бир да мамлекетте мындай мүнөздөмөгө жооп берген мамлекет азыркыга чейин курула элек болсо да (Германия, АКШ, Швейцария мамлекеттери мындай мүнөздөмөгө бир топ жакындаган), конституциялык деңгээлде мамлекетти минтип жарыялоону ушундай идеалга умтулуу катары түшүнүүгө болот. Анткени «Конституция мамлекеттик жана коомдук түзүлүштү орнотот, анын уюшулуу жана иштөө принциптерин келечекке багыттайт» [5, 96-б.] Ал эми укуктук демократиялык мамлекеттин принциптеринин, элементтеринин сакталуусу ар бир мамлекеттин өзүнүн өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө: социалдык-экономикалык абалы, саясий стабилддүүлүгү, укуктук маданияттын өнүгүүсү сыяктуу ж.б. факторлого байланыштуу болот.

Ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамында өлкөнү укуктук демократиялык деп жарыялоо бир топ эрте экенин белгилөө менен, аны Кыргыз Республикасы укуктук демократиялык мамлекетти куруу жолунда деп жарыялоо бүгүнкү

конституциялык түзүлүштү адекваттуурак чагылдырып, чындыкка жакыныраак болмок деп эсептейбиз.

Дүйнөлүк тенденция катары 1949-жылы биринчи жолу Германия Федеративдүү Республикасынын Баш мыйзамында конституциялык новелла катары өлкөнү «социалдык мамлекет» катары жарыялоону башка мамлекеттерде да кабыл алып, учурда анын көптөгөн мамлекеттердин баш мыйзамдарында конституциялануусун белгилөөгө болот. Албетте, мамлекетти минтип конституцияда жарыляоо өлкөнү, анын бийлик органдарын көп нерсеге милдеттендирет. Бирок ошого карабастан бул ченем улам барган сайын кеңири таралууда. Кыргыз Республикасында да бул новелла акыркы конституциялык реформалардын негизинде пайда болуп, аракеттеги Конституциянын 1-беренсинде да бекитилген. Ошону менен бирге бул ченем Баш мыйзамдын 9-беренесинде бир аз ачылып түшүндүрүлгөн. Ага ылайык «Кыргыз Республикасы татыктуу жашоо-турмуш шартын түзүүгө жана инсанды эркин өстүрүүгө, жумушка орноштурууга көмөк көрсөтүүгө багытталган социалдык программаларды иштеп чыгат» [6]. Белгилей кетчү нерсе, социалдык мамлекеттин башкы милдеттеринин бири болуп ар бир адамга татыктуу жашоону кепилдөө болуп эсептелинет. Көрүнүп тургандай, өлкөбүздүн Баш мыйзамында мындай талап бекитилген. Ошону менен бирге «Кыргыз Республикасы социалдык жактан корголбогон жарандардын категорияларына колдоо көрсөтүүнү, эмгек акынын кепилдик берилген минималдуу өлчөмүн, эмгекти жана саламаттыкты коргоону камсыз кылат.

Кыргыз Республикасы социалдык кызматтардын, медициналык тейлөөнүн системасын өнүктүрөт, мамлекеттик пенсияларды, жөлөкпулдарды, социалдык коргоонун дагы башка кепилдиктерин белгилейт» [6]. Мындан сырткары Конституцияда бир топ социалдык укуктар жана эркиндиктер жарыяланып, алардын кепилдиктери бекитилген.

Илим жана техниканын, жаңы технологиялардын өнүгүүсү менен дүйнөлүк адамзат бул процесстин жүрүшүндө жеке адамдын ордун, ролун жана маанилүүлүгүн унутта калтырган жок. Тээ цивилизация алгач өнүгө баштаган мезгилде пайда болгон адам укуктары жана эркиндиктеринин табигый-теориясынын принциптери XXI кылымда да өлкөлөрдүн аракеттеги конституцияларында чагылдырылууда. Маселен, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16 беренесинин 1-пунктунда «Адам укуктары жана эркиндиктери ажырагыс, ал ар бир адамга төрөлгөндөн эле таандык» деп жазылган.

Мындан сырткары адам укуктары жана эркиндиктеринин артыкчылыктуулук прицибинин баш мыйзамда бекитилүүсү маанилүү. Бул 1948–жылы кабыл алынган Адам укуктарынын эл аралык Декларациясынын ченемдерин улуттук конституциялык мыйзамдарда чагылгандыгында байкалат. Анда адамдар расасына, улутуна, жынысына, социалдык өзгөчөлүктөрүнө жана диний ишенимдерине ж.б. карабастан тең укуктуу экендиги жарыяланган жана белгиленген укуктар жана эркиндиктер ар бир адамга бирдей тиешелүү деп бекитилген. Кыргыз Республикасынын 16-беренесинин 1-пунктунун 2-абзацында «Адам укуктары менен эркиндиктери эң жогорку баалуулук болуп эсептелет» [6], деп жарыяланган. Мындан улам алар мыйзам чыгаруу, аткаруу бийлигинин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маани-мазмунун аныктап тураары бекитилген.

Адам укуктарын сот аркылуу гана эмес башка жолдор менен да коргоону кепилдөөнүн бир формасы катары конституцияда атайын көз карандысыз мамлекеттик органдын укуктук макамын бекитүү кеңири таркалган. Бул, мисалы, Россияда, Казахстанда - Уполномоченный по правам человека, Азербайджанда – Комиссар по правам человека, Арменияда –Защитник прав человека, Кыргызстанда – Акыйкатчы ж.б. Аталган институт Habeas Corpus эрежесин өнүктүрүүчү институт катары бекитилүүдө. Мамлекеттик органдарга жана кызмат адамдарына карата таасирдүү болгон аракеттерди жасоого ыйгарым укуктарга ээ болбосо да, бул жарандар үчүн, жалпы эле адамдар үчүн мамлекеттик орган жана кызмат адамдарынын кордугунан коргонуунун таасирдүү каражаты болууда.

Кийинки тенденция катары дүйнө конституцияларында, айрыкча Батыш Европа, Чыгыш Европа, КМШ мамлекеттеринин баш мыйзамындарында демократиянын маанилүү элементтеринин бири болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруунун принциптеринин жана тутумунун бекитилүүсүн белгилөөгө болот. Эл эгемендүүлүктүн алып жүрүүчүсү жана мамлекеттик бийликтин булагы болгон соң, анын мамлекетти башкарууга катыштыруунун эң эффективдүү жолдорунун бири - жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү экендиги талашсыз болууда. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Европа Хартиясында "жергиликтүү өз алдынча башкаруу деп жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзам чегинде өз жоопкерчилиги астында жана жергиликтүү калктын кызыкчылгы үчүн мамлекеттик иштердин маанилүү бөлүгүн жөнгө салуу жана башкаруу укугу жана реалдуу мүмкүнчүлүгү" [7] деп белгиленет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюшулуусунун өзгөчөлүктөрү мамлекеттеги саясий режимге, мамлекеттик түзүлүшкө жана мамлекеттин административдик-территориалдык бөлүнүүсүнө көз каранды болот. Кыргыз Республикасынын аракеттеги Конституциясынын сегизинчи бөлүмү толугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун конституциялык-укуктук негиздерин бекитүүгө арналган.

Баш мыйзам катары конституция өзгөчө коргоо механизмине муктаж экендиги таанылып, континенталдык укуктук тутумдагы мамлекеттерде атайын конституциялык көзөмөл жүргүзүүчү көз карандысыз мамлекеттик органдын укуктук макамын конституцияда бекитүү тенденция катары кала берүүдө. Ар мамлекетте ар аталыш менен берилип (Россияда – Конституциялык сот, Казахстанда, Францияда – Конституциялык Кеңеш, Кыргызстанда- Жогорку Соттун Конституциялык палатасы), конституциялык көзөмөл жүргүзүү процедурасы түрдүү болсо да, анын негизги милдети – баш мыйзамдын ченемдерине каршы келген ченемдерге, ченем укук актыларына жол бербөө болууда.

Окумуштуулар белгилегендей, XIII-XIV кылымдарда англиялык королдун жападан жалгыз бийлигин чектөө максатында пайда болгон ири феодалдар, чиркөө жана шаарлар менен айыл жерлеринин (общиналар) өкүлдөрүнөн турган чогулуштары заманбап парламенттердин пайдубалын орноткону [8, 254-б.] белгилүү. Бир нече кылымдардан соң мындай мамлекеттик органдын таасири төмөндөбөй, тескерисинче, мамлекеттик бийликтин үч бутакка бөлүнүүсүнө ылайык анын мааниси жогорулап, учурда мамлекеттердин конституциялык өнүгүүсүндө анын ролу жогорулоодо.

Эгемендүү Кыргыз Республикасындагы конституциялык реформалардын дээрлик баары парламент менен президенттин ортосундагы мамилелер, алардын ыйгарым укуктары жаатында болуп келди [9, 67-б.]. Акыркы конституциялык реформа да парламенттин ролун жогорулатып, өлкөдө парламенттик башкаруунун орнотууну максат кылган. Бирок парламенттин мааниси бир топ жогорулап, анын ыйгарым укуктары бир топ кеңейгени менен өлкөдө таза парламенттик башкаруу орногонун айтуу чындыкка туура келбейт. Объективдүү көз караштa бир катар өзгөчөлүктөргө ээ болгон аралаш, т.а. парламенттик-президенттик башкаруунун өкүм сүргөнүн айтууга болот. Ошентсе да өлкөбүздүн баш мыйзамында аталган дүйнөлүк тенденциянын экстраполяциялануусу айдан ачык болуп турат.

Эң акырында конституциялык өнүгүүдөгү дагы бир маанилүү тенденцияга көңүл бурабыз. Ал баш мыйзамда конституциянын үстөмдүгүн, анын эң жогорку юридикалык күчкө ээ экендигин жана конституциянын ченемдеринин түздөн-түз колдонууларын бекитүү. "Конституциянын үстөмдүгү мамлекеттин конституцияга, укукка баш ийгендигин билдирет" [5, 95-б.]. Укуктук мамлекет үчүн бул бирден-бир маанилүү шарт.

А эми конституциянын эң жогорку юридикалык күчкө ээ экендиги өлкөдө кабыл алынган башка бардык мыйзамдар, мыйзам алдындагы актылар конституцияга карама-каршы келүүсү мүмкүн эместигин билдирет. Кыргыз Республикасынын аракеттеги Конституциясында бул 6-берененин 1-пунктунда бекитилген.

Ошентип ааламдашуу алкагында дүйнө мамлекеттери өз алдынча, өзгөчө конституциялык өнүгүүнү башынан өткөрүп жатып, баш мыйзамда жеке тарыхый,

маданий, салттык өзгөчөлүктөрүн бекитүү менен бирге дүйнөлүк тенденцияларды да эске алуусу зарыл. Муну табигый болуп жаткан, өз ара алака таасирленүүнүн жыйыктыгы катары баалоого болот. Кыргыз Республикасы да интеграциялык процестерден артта калбай, өлкөбүздүн Баш мыйзамында дүйнөлүк тенденциялар орду орду менен экстраполяцияланууда. Учурдагы интеграциялык процесстер Кыргыз Республикасынын дүйнө коомчулугунда өз ордун аныктоо менен бирге, анын башка мамлекеттер менен өз ара алака мамилелерине гана таасир тийгизбестен, конституциялык өнүгүүсүндө дүйнөлүк тенденцияларды бекитүү менен, өлкөлөбүздүн саясий, социалдык-экономикалык, тарыхый, маданий жана башка өзгөчөлүктөрүн аныктоодо.

## КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ:

1. Юридика аталгылары менен түшүнүктөрүнүн орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү. Авт-түз. Айдарбекова Ч.А., Бакиев М.С., Бейшембиев Э.Ж ж.б. –Б.: Учкун, 2005. -808 б.

2. Енгибарян Р.В., Тадевосян Э.В. Конституционное право: Учебник. –М.: Юристъ, 2000. -492с.

3. Сапаргалиев Г.С. Конституционное право Республики Казахстан. –Алматы,

4. Ащеулов А.Т., Караев А.А. Конституционное право Республики Казахстан. -Алматы, 2004. -258с

5. Дуйсенов Э.Э. Некоторые проблемы исследования методологии конституционного права Репсублики Казахстан// Заманбап илим. -2013. -№1.89-97 б.

6. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2010-жылдын 27-июнунда Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды. –Б.: Академия, 2010.

7. Европейская хартия местного самоуправления от 15 октября 1985 г. //Интернет-ресурс: http://admmegion.ru

8. Чиркин В.Е. Конституционное право зарубежных стран. –М.: Юристъ, 2000.

9. Искакова Г.Т. Влияние изменений Конституции в Кыргызстане на правовое регулирование взаимоотношений между президентом и парламентом// Государство и право. -2011. -№8. –67-76-б.